3. Абдулхамидова Б. Ажыматова З. Акматалиев А. ж.б. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы Бишкек – 2004 мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору
4. Муратова А. М., Артыков К. Ж. Музыка: 6-кл.: Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн окуу китеби.– б.: Билим-компьютер, 2018. – 136 б., илл
5. Сатиев т., Хордо ырдоо/сүрөтчүсү Р.Исаков.-Б.: адабият, 1991.-72 б.

**УДК: 373** **https://doi.org/10.56122/..v2i2.238**

# МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ МЕКЕМЕНИН ТАРБИЯЧЫСЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН МААНИСИ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ
# ЗНАЧЕНИЕ И ОСОБЕННОСТИ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ ВОСПИТАТЕЛЯ ДОШКОЛЬНОГО УЧРЕЖДЕНИЯ
# THE IMPORTANCE AND FEATURES OF THE ACTIVITY OF A PRESCHOOL TEACHER

**Кадырова Турна, улук окутуучу, ОшМПУ.**
**turnakadyrova@gmail.com**
***ORCID:* https://orcid.org/0009-0000-9276-56-49**

**Аннотация.** Илимий макалада мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын баалоо проблемасынын жалпы контекстинде мектепке чейинки билим берүүнүн тарбиячысынын кесиптик ишмердигине карата заманбап талаптар каралат. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында педагогдорунун кесиптик деңгээлин жогорулатуунун зарылдыгы, азыркы учурдун тарбиячыларга койгон талаптары көрсөтүлгөн. Бала бакчанын тарбиячысынын кесибинин мектеп мугалиминен айырмасы, анын милдеттери жана өзүн- өзү тарбиялоосу, өзүн- өзү кесиптик чеберчиликке жетишүүсүнүн зарылдыгы белгиленген. Тарбиячы – педагогдун балдарды тарбиялоодогу милдеттери сунушталды. Педагогикалык чеберчиликти калыптандыруунун шарттары жана анын мазмуну баяндалат.
Балдарды тарбиялоодо жана ар тараптан калыптандырууда – тарбиячынын ролу жогору тургандыгына басым жасалат. Замандын талабын эске алуу менен тарбиячы- педагог өздүк маданиятын жалпы адамзаттык маданияттын негизинде калыптандыруу аркылуу, жаш муундарды педагогикалык маданиятка, билимге жана тарбияга ээ кылат.Макала тарбиячынын жаңы стандартка жана балдарды тарбиялоо, өнүктүрүүнүн жаңы концепцияларына ылайык уюштуруунун талаптарын билүүсүн сунуштайт. Азыркы этапта тарбиялык иштерди уюштурууда тарбиячы көбүрөөк чыгармачылыкты көрсөтүшү керек, ал билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын ортосундагы өнөктөштүк байкалган, балдар ар түрдүү иш-чараларга тартылган ишмердүүлүк чөйрөсүн куруута тийиш

**Негизги сөздөр:** балдар, тарбиячы, бала бакча, тарбия, милдеттер,чеберчилик.

**Аннотация.** В научной статье рассматриваются современные требования к профессиональной деятельности воспитателя дошкольного образования в общем контексте проблемы оценки качества дошкольного образования. Указаны необходимость повышения профессионального уровня педагогов в дошкольных образовательных организациях, требования к воспитателям современности. Отличие профессии воспитателя детского сада от профессии школьного учителя заключается в его обязанностях и самодисциплине, в необходимости достижения профессионального мастерства. Предложены обязанности воспитателя-педагога по воспитанию детей. Описаны условия формирования педагогического мастерства и его содержание.

Акцент делается на том, что роль воспитателя – в воспитании и всестороннем формировании детей-высока. В соответствии с требованиями времени, воспитатель - педагог, формируя свою культуру на основе общечеловеческой культуры, приобщает подрастающее поколение к педагогической культуре, образованию и воспитанию.Статья предполагает знание воспитателем требований к организации в соответствии с новым стандартом и новыми концепциями воспитания и развития детей. На современном этапе в организации воспитательной работы воспитатель должен проявлять больше творчества, он должен выстраивать среду деятельности, в которой наблюдается партнерство между участниками образовательных отношений, в которой дети вовлечены в различные виды деятельности.

**Ключевые слова:** дети, воспитатель, детский сад, воспитания, задачи, мастерство.

**Annotation.**The scientific article examines the modern requirements for the professional activity of a preschool educator in the general context of the problem of assessing the quality of preschool education. The need to improve the professional level of teachers in pre-school educational organizations, the requirements for modern educators are indicated. The difference between the profession of a kindergarten teacher and the profession of a school teacher lies in his duties and self-discipline, in the need to achieve professional skills. The duties of an educator-teacher for the upbringing of children are proposed. The conditions for the formation of pedagogical skills and its content are described. The emphasis is on the fact that the role of the educator – in the upbringing and comprehensive formation of children - is high. In accordance with the requirements of the time, the educator - teacher, forming his culture on the basis of universal culture, introduces the younger generation to pedagogical culture, education and upbringing.The article assumes that the educator knows the requirements for the organization in accordance with the new standard and new concepts of upbringing and development of children. .

**Keywords:** children, educator, kindergarten, education, tasks, skills.

Кыргызстандын мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүнүн азыркы этабында мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин кесипкөйлүгүнө талаптар эки маанилүү документ менен аныкталат. Бул мектепке чейинки билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты жана педагогдордун кесиптик стандарты. Мектепке чейинки билим берүүнүн жаңы стандарттарында сунушталган жаңы милдеттерди ишке ашыруу – балалыктын көп түрдүүлүгүн колдоо, адамдын ар тараптуу өнүгүүсүнүн маанилүү этабы катары балалыктын уникалдуулугун жана ички баалуулугун сактоо; чоңдор менен балдардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн инсандык өнүгүү жана анын гуманисттик мүнөзү; бала бакчанын салттуу системасында баланын инсандыгын урматтоодо мүчүлүштүктөр жок эмес. Чыгармачыл инсанды тарбиялоо идеясы-субъект менен субъекттин өз ара аракеттенүүсү мектепке чейинки баланын өзүн-өзү өнүктүрүү процесстеринин маанилүүлүгүн таанууну болжолдойт: чоңдордун да, балдардын да демилгелеринин бирдей укуктарынын зарылдыгы бар.

Билим берүү процессинин катышуучуларынын мотивациялык жана жеке муктаждыктарын эске алуу зарыл. Бул негизинен тарбиячынын функциясына жана ролуна таасир этет, ал эми анын кесипкөйлүгү мектепке чейинки баланын инсандыгын өнүктүрүүдө маанилүү фактор болуп калат. Азыркы этапта тарбиялык иштерди уюштурууда тарбиячы көбүрөөк чыгармачылыкты көрсөтүшү керек, ал билим берүү мамилелеринин катышуучуларынын ортосундагы өнөктөштүк байкалган, балдар ар түрдүү иш-чараларга тартылган ишмердүүлүк чөйрөсүн курууга тийиш. Ал эми интерактивдүү технологияларды колдонуу балдарга курчап турган дүйнөнүн сүрөтүн бүтүндөй көрүүгө мүмкүндүк бермек. Бул идеяларды ишке ашыруу үчүн, белгилүү бир билим талап кылынат, ошондуктан тарбиячы-педагогдорду окутуу жана квалификацияны жогорулатуу анын кесиптик чеберчилиги үчүн зарыл экенин түшүнүшү керек.

Азыркы учурда билим берүү системасында олуттуу реформалар жүрүп жатат: атап айтканда билим берүүгө карата мамиле өзгөрдү, билим берүүнүн стандарттары жаңыланды, ошондой эле билим сапатына жогорку талаптар коюлуп жаткандыгы чындык. Анын себеби эл аралык билим берүү аймагына кошулуу болуп эсептелет. Билим берүүнүн өзгөргөн концепциялары, педагогдун билим берүүдөгү жаңы мазмунду өздөштүрүүсүнө жол ачат, жаңы технологияларды билүүсүн, 21-кылымдын мүнөзүнө ылайык жаш муундарды окутуп- тарбиялоонун методдорун өз ишинде колдонууну талап кылат.

Эмгек рыногу кесиптик сапаттуу билимдин болуусуна жана гуманитардык билимине жогорку талаптарды коюуда. Учурдагы кесиптин ээси өзүнүн билимин дайыма жаңылап жана инсандык маданияттын жогорку деңгээлин өздөштүрүүгө тийиш. Анткени билимдүү педагог дүйнөнү таанып, өзүнүн жеке инсандык касиеттерин өнүктүрүүдө дүйнөлүк маданияттын байлыгын өздөштүрүүгө тийиш. Бала бакчанын тарбиячысы өздүк билимин жана чеберчилигин өркүндөтүүнүн үстүндө иштейт. **С.И.Гессе адамдардын билими менен маданиятынын ортосундагы проблеманы изилдеп, бул байланыштын шарты деп билимдин адамдардын маданиятына сүңгүп кирүүсүн, ошол эле учурда тескерисинче маданияттын билимдүүлүккө сиңүүсү зарыл деп эсептейт** [7, с-8]. Илимпоздун айтканына саресеп салсак, тарбиячынын билими менен ички жана сырткы маданияты айкалышып, кесиптик маданиятынын маңызын түзөт деп түшүнсөк болот.

Ал эми Е.В.Бондаревская “ Адам өздүк маданиятын өнүктүрүүгө жөндөмдүү, чыгармачылыгын өнүктүрүүдө эркиндиги бар инсан, маданият дүйнөсүндө өзүн- өзү аныктайт жана анын эркиндигинин чеги жок”- деп эсептейт.

Мектепке чейинки балдардын тарбиячысы балдарга коомдук тарбия берип, мектепке ийгиликтүү окууга даярдоодо эмгеги чоң. Жогорку квалификациялуу тарбиячынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү болуп, балдарды тарбиялоонун теориясын, педагогикалык чеберчиликтин негиздерин терең билүү болуп саналат, коомдук турмушка активдүү катышкан кесиптин ээси болууга тийиш. Көрүнүктүү педагогдор **А.С.Макаренко, В.А.Сухомлинский** дагы мугалим, тарбиячынын эмгегине илимий негизде аныктама берип, алардын кесиптик жоопкерчилигин жана милдеттерин ачык көрсөтүп кетишкен. Бала бакчанын тарбиячысынын эмгегинин социалдык маанисин ар дайым баса белгилеп, мектепке чейинки мекемелердин кызматкерлерин мамлекеттин таламдарына ылайык, биздин өлкөдө реформалык иштерге бараандуу салым кошууга жана азыркы ааламдашуу процессинде жаңылыктарды таанып, аны өздүк ишинде колдоно алууга тийиш. Тарбиячы- педагогдун кесиптик жетилгени, анын сапаттуу тарбия берүүсү коом алдында жоопкерчилигин сезүүгө, чыгармачылык менен иштөөгө, педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүүгө жардам берет.

Алдыңкы тарбиячылар өздөрүнүн тажрыйбасын жалпылап, илимий-практикалык конференцияларда, педагогикалык окууларда бөлүшүп, басмада макалаларын жарыялап турушканы маанилүү. Алар өздөрүнүн эмгектери менен мектепке чейинки билим берүүнүн теориясын жана практикасын өнүктүрүүгө салым кошууга тийиш. Үй-бүлө менен дайыма байланышта болуу менен мектепке чейинки тарбиячы ата-энелерге балдарын тарбиялоого жардам берет. Тарбиячы эмгек коллективинин мүчөсү, бул жерде анын эмгектик жана жеке инсандык сапаттары көрүнөт. Бир максатты көздөгөн жана заманбап талапттар менен иштеген биримдиктүү коллектив- демилгелүү жана чыгармачыл кызматчыларды тарбиялап, балдарды тарбиялоо процессинин натыйжалуу болушуна өбөлгө болот. Бала бакчанын тарбиячысы кесиптик милдетин жакшы түшүнүүгө, өзүнүн жоокерчиликтүү жана ардактуу кесиптин ээси экендигин сезип,аткарган кызматына жоопкерчилик менен мамиле жасап, туруктуулук, максаттуулук менен балдардын келечегин ойлоо менен тарбия берүүсү азыркы замандын талабы болуп эсептелет. Мурунку мезгилдерде тарбиячылардын милдети балдарга жакшы тарбия берүүгө тийиш деп айтылып келген

болсо, азыркы учурда тарбиячынын ишинин мазмуну жана милдеттери да татаалдашып, техника жана технологиянын, мамлекеттин талабын чоң жоопкерчилик менен сезип, жаңы талаптарды түшүнүүсүн милдеттендирет.

Бала бакчанын тарбиячысы маданияттын күзгүсү, бийик моралдык сапаттарга ээ,атуулдук, принциптүүлүк, чынчылдыкты, гумандуулук жана ар намыстуулукту өзүндө сиңирген ишмер деп атасак болот.Ушул жеке сапаттардан тышкары, тарбиячы- педагог педагогикалык чеберчилиги ар жактуу кесиптин ээси деп эсептелинет. Анын педагогикалык чеберчилиги көп жылдык эмгек мөөнөтү менен чектелбейт, анын ойлоп тапкычтыгы, креативдүүлүгү, жаңылыкты өзүнүн кесиптик иш- аракетинде колдонуп, СТЕМ методдорун балдардын өнүгүүсүндө колдоно алуусу зарыл. [ 3, 132] Окутуу жана тарбиялоонун сырларын бийик маданияттуу, балдардын педагогикалык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн терең билген жана балдар менен иштөөнүн усул, ыкмаларын жакшы билгендиги, кадыр- баркка ээ, педагогикалык тактты сактаган инсан гана биле алат. Тарбиячы ар дайым өз билимин, көндүм, ыкмаларын өркүндөтүүнүн үстүнөн иштөөгө тийиш. Белгилүү **педагог** А.С.Макаренко тарбиячы- педагог жөнүндө мындай деп жазган: «Мугалимдин чеберчилиги өзгөчө талантты талап кылган кандайдыр бир өнөр эмес , бирок дарыгерлик чеберчилигин үйрөтүү, музыкантты кантип үйрөтүү керек болгондой эле, бул да үйрөтүлүүгө тийиш болгон адистик» [6, 87]. Жогоруда айтышган мүнөздөмөлөргө ылайык кесипкөйлүк билимдин калыптануусу педагогикалык окуу жайындагы педагогдун атайын даярдануусунун натыйжасы гана эмес, анын өз алдынча билим алуу аракеттери, кесипкөйлүк жактан жетилүүгө болгон өздүк умтулуусу болуп саналат. Өз алдынча билим алуу - тарбиячынын кесиптик иш-аракетинин зарыл түрү. Анын натыйжасында жаңы кесиптик билим ар дайым өсөт жана инсандык өнүгүү жүрөт. Демек, мугалимдин өз алдынча билим алуу иш-аракети педагогикалык кесипкөйлүүлүк деңгээлинин маанилүү структуралык компоненти болуп саналат. Анын мугалимдин чеберчилигин өнүгүүсүндөгү мааниси жогору.

Өз учурунда окутуу жана тарбиялоо искусствосун жакшыртууда педагогдун өз алдынча билим алуусунун ролун классик педагогдор белгилешкен. Көрүнүктүү орус педагогу П.Ф. Каптерев мугалимдин өзүнүн кесиптик билимдерин толуктоодо үзгүлтүксүз иштөө керектигин белгилеген. Ал: «Мугалим окутуу менен өзү да окушу керек. Ал үчүн өзүм жетиштүү деңгээлде окугам, башка нерсени окуунун кереги жок», - деген чолок ойго жетеленген мугалимден жаман эч ким жок, кантип өзү өнүкпөгөн, билимге жана өнүгүүгө умтулган неме башкаларды козгой алат? Өзүнүн өнүгүүсүн жөн гана очүрүп салган мугалимдер башкаларды өнүктүрбөйт, алар жөн гана окутушат, б.а. жансыз формуланы жана жарыбаган билимди **бе**ришет [1,104]. Көптөгөн окумуштуулар учурдагы өз алдынча кесиптик-педагогикалык билим алуунун татаалдыгын белгилешет.

Балдар үчүн суроо-талапка ээ жана кызыктуу болушу үчүн ал ушул жерде жана азыр кандай технологияларды, системаларды, ыкмаларды өздөштүрүү керек экендигин билүү педагогдун өзүнүн ишмердүүлүгүн чагылдыруу үчүн абдан маанилүү. Заманбап мугалимдин кесиптик функциялары жана билими «Мектепке чейинки билим берүү » стандартында берилген. Бул документти ишке киргизүү мектепке чейинки билим берүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги милдеттеринин бирин – мектепке чейинки билим берүүнүн сапатын жана мектепке чейинки билим берүү кызматкерлеринин кесипкөйлүгүн жогорулатууну чечүүгө мүмкүндүк берет. Мамлекеттик билим берүү стандарты тарбиячылардын иш- аракеттерин мектепке чейинки курактагы балдардын өнүгүүсү үчүн социалдык кырдаалды түзүү үчүн маанилүү компетенциялар менен салыштырууну камтыйт. Бул мектепке чейинки билим берүүнүн негизги билим берүү программасын ишке ашыруу боюнча педагогикалык адистерге коюлган негизги талаптарды чагылдырат. Бул документтин өз ара байланышы тарбиячы- педагогдун педагогикалык ишинин мазмуну жана сапаты жана анын квалификациялык деңгээли боюнча айкын көрүнүп турат. Анда тарбиячылардын кесиптик даярдыгын жогорулатуу жана тынымсыз профессионалдык өсүү зарылчылыгын жарыялайт [2,68].

Ошондуктан, мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилери үчүн биринчи кезектеги милдет тарбиячынын кесиптик муктаждыктарын эске алуу менен үзгүлтүксүз окутуунун жеке маршрутун түзүү зарыл болуп саналат. Ар бир мугалим мектепке чейинки билим берүү уюмунун методикалык ишмердүүлүгү мектепке чейинки мекеменин жетекчилеринин гана эмес, ар бир мугалимдин кызыкчылыгын коргой тургандыгын түшүнүшү керек. Демек, бала бакчанын педагогу жеке кесиптик өзүн-өзү тарбиялоосу жана өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу үчүн жоопкерчиликтүү болушу керек. Иштин эң белгилүү формалары: репродуктивдүү (илимий жана практикалык семинарлар, педагогикалык семинарлар,тренингдер); репродуктивдүү-эвристикалык (педагогикалык окуулар, илимий-практикалык конференциялар, уюштуруучулук жана активдүүлүк оюндары); эвристик-продуктивдүү (педагогикалык идеялардын фестивалдары, кесиптик чеберчилик боюнча сынактар, методикалык өнүктүрүү конкурстары); жемиштүү (илимий конференциялар, теориялык семинарлар).ж.б. Ошентип,тарбиячынын инсандыгы, өзүн- өзү өнүктүрүүсү, креативдүүлүгү баланын өнүгүшүндө чечүүчү фактор болуп калат. Мектепке чейинки тарбиялоочу мугалимдин кесиби акырындык менен мобилдүүлүктүн эң жогорку деңгээли менен мүнөздөлгөн адистиктердин категориясына өтүүдө. Ал барган сайын татаалдашып баратат, бул жаңы кесиптик милдеттердин, жүрүм-турум парадигмаларынын жана көз караштарынын пайда болушу менен, азыркы коом талап кылган жаңы функцияларды өздөштүрүү зарылчылыгы менен байланышкан. Мектепке чейинки билим берүү - балдар бакчаларынын кызматкерлеринин социалдык абалын жана кесипкөйлүгүн жогорулатуу, аларды мамлекеттик жана коомдук колдоону күчөтүү учурдун талабы жана алардын кесиптик аброюн көтөрүү дагы тарбиячыларды балдарды сүйүү менен кесиптик иш- аракетин сүйүүнү айкалыштырууга көмөк бермекчи.

Чоң адамдын балага тийгизген таасири адамдын инсандыгынын алгачкы пайдубалы түптөлгөн мектепке чейинки куракта өзгөчө маанилүү болот. «Бала адамдын жеке инсанынын түздөн-түз таасири астында гана тарбияланат, акыл-эс жана адеп-ахлактык жактан өнүгөт” - деп белгилеген К.Д.Ушинский, эч кандай форма, эч кандай тартип, эч кандай жобо адамдын инсанынын таасирин алмаштыра албайт . Бул жаш бала үчүн тийип турган күндүн нуру, аны эч нерсе менен алмаштырууга болбойт”.

Бала мектепке чейинки балдар мекемесинде белгилүү бир мезгилин өткөрөт анын өмүрүнүн бала бакчадагы алты-жети жылы чоң мектеп, ал эми тарбиячысы үлгү жана авторитет болуп калат. Ошон үчүн тарбиячынын инсандыгына талаптар абдан жогору коюлууда. Тарбиячы балдарга ар убакта таасир этип турат: күнүмдүк турмушта, оюндарда, окууда, биргелешкен эмгекте жана баарлашууда. Ал ар бирин кылдаттык менен изилдеп турушу керек, баланын жекече өзгөчөлүктөрүн билүүгө, бардык балдарга объективдүү мамиле кылууга, педагогикалык тактты сактоого, алардын жүрүм-турумуна жана ишинин натыйжаларына калыс баа берүүгө , өз убагында жардамга келүү, үй-бүлөдө алардын жашоосуна кызыкдар болуу милдеттерин чечет.Ошондо гана тарбиячы баланын инсандыгын өнүктүрүүгө максаттуу таасир кыла алат. Тарбиячынын ишмердүүлүгүнүн ажырагыс шарты болуп- балдарга болгон сүйүүсү,балага койгон талап менен сүйүүнү айкалыштыруусу. Педагогдун ачыктыгы жана калыстыгы, сезгичтиги, балдарды эркелетүү, кең пейилдүүлүгү- балдар менен педагогикалык кызматташтыкта иш алып баруусу шарт түзөт.

**Жыйынтыктоо:** Теманын жалпы мазмуну бала бакчанын тарбиячы- педагогдорунун кесибинин өзгөчөлүктөрү боюнча илимий негизде жооп берилди. Тема абдан актуалдуу деп санасак болот, себеби адамдын алгачкы пайдубалын куруучулар- бул ата- энеден кийин эле бала бакчанын педагогу болуп саналат. Тарбиячылык кесип өтө көп кырдуу жана жогорку жоопкерчиликтүү болгондуктан мектеп мугалиминин кесиптик өзгөчөлүктөрүнөн айырмасы бар. Ал өзгөчөлүктөр болуп, тарбиячынын балдарды сүйүүсү, алардын өнүгүшүнө шарттарды түзүү, өнүктүрүүчү чөйрөнү түзүү менен балдардын акыл- эсин, ой жүгүртүүсүн, интеллектуалын, жеке чыгармачылыгынын өсүүсүнө көмөк көрсөтүү болуп саналат. Мектепке чейинки мекеменин

тарбиячысы кесиптик ишинде педагогикалык чеберчиликти калыптандырууга тийиш, анткени балдарды тарбиялаган инсан чыгармачыл жана чебер педагог болууга тийиш. Ааламдашуу учурунда тарбиячы мамлекеттик стандарттын талабына ылайык тарбиялоо иштерин жүргүзүүгө тийиш. Анткени 21- кылымдын балдары- жаңы муун деп аталышат. Жаңы муундарды учурдун илимий жетишкендиктеринин негизинде жана жаңы технологиялардын коштоосунда окутуу менен тарбия жүргүзүлушу керек.

**Адабияттар:**

1.Асанбаева Б.И. «Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун усулдук колдонмосу» Бишкек 2016-ж.
2.Акматов К, Бабаев Д Педагогика. Бишкек 2020ж. 68-б
3.Бережнова О.В., Тимофеева Л.Л. Оценка профессиональной деятельности педагога детского сада. Методическое пособие. – М.: Издательский дом «Цветной мир», 2014, - 132
4.Ежкова Н.С. Дошкольная педагогика. Москва. Юрайт. 2020г
5. Исаева А.А. “Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары үчүн усулдук колдонмо” Бишкек 2014-ж
6. Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү берүү жөнүндө» мыйзам 2003ж.
7.Якушева С.Д. Основы педагогического мастерства и профессионального саморазвития. Неолит. 2016г. стр-8.

---

**УДК:371** **https://doi.org/10.56122/..v2i2.235**

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИНТЕЛЕКТИН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАР АРКЫЛУУ ӨНҮКТҮРҮҮ
# РАЗВИТИЕ ИНТЕЛЛЕКТА ШКОЛЬНИКОВ ЧЕРЕЗ ПРОИЗВЕДЕНИЯ ИСКУССТВА
# DEVELOPING THE INTELLIGENCE OF SCHOOLCHILDREN THROUGH WORKS OF ART

Какиева Гулзада Алимбековна, ОшМПУ, окутуучу
Кыргыз Республикасы, Ош ш.
gulzadakakieva@gmail.com
Какиева Гулзада Алимбековна, преподаватель ОшГПУ,
Кыргызская Республика, г. Ош.
Kakieva Gulzada Alimbekovna, teacher. OshSPU
Kyrgyz Republic, Osh.

**Аннотация.** Бул макалада башталгыч класстын окуучуларын акылмандуулукка тарбиялоодо жана интеллектуалдык жактан өнүктүрүү жөнүндө берилди. Балдарды ар тараптан өнүктүрүүдө адабий китептерге жана анын ичиндеги ырлар, жомоктор, аңгемелерге көнүл бөлүү жагы каралды. Балдарды бир гана мектепке 1-класска келген мезгилден эмес, мектепке чейинки мезгилден баштоо керек экендиги тууралуу баяндалат. Ошондой эле телефондордон алыстатуу максатында китепке, оюнга, эмгекке кызыктыруу жолдору камтылган. Мектепте жана мектепке чейинки билим берүүдө тарбиячылар жана мугалимдер чогулуштарда ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу максатында, кызыктуу материалдары ата-энелерге жеткирүү менен балдарды жаңы технологиянын багыттары болгон интернет булактарынын зыяндуу жактарын түшүндүрүү зарыл. Макалада эң маанилүү ойлордун бири катары мектеп окуучуларын акыл- эс жактан тарбиялоо, аны уюштуруу жактары да каралды. Балдардын интеллектин өнүктүрүүнүн, ой-чабыттарын жана дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандыруунун каражаттары болуп – окутуу менен эмгек